УДК 37

Чынтемиров Я.Ч.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫНЫН ШАРТТАРЫНДА ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМДИН БААЛУУЛУГУН САКТАП КАЛУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН, СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМ-БИЛИМГЕ БОЛГОН КЫЗЫГУУЛАРЫН АРТТЫРУУ

*Азыркы өткөөл мезгилдин кыйынчылыктары окуучуларга, студенттерге, үй-бүлөгө зор таасирин тийгизүүдө. Анын оң жана терс жактарын талдап, адамдардын рухий дүйнөсүнө, көз карашына тийгизген таасирлеринин натыйжасын, турмушта болгон чындыкты тайманбай айтып гана келечегибизге жол ачып, жаш муундарга татыктуу тарбия бере алабыз.*

Биз коом бир абалдан экинчи бир абалга өтүү мезгилинде жашап жатабыз. Бардык эле доорлордо өткөөл мезгилдер адамдар үчүн кыйынчылык, карама-каршылыктар менен коштолгон.

Өткөөл мезгилде коомдук турмуштун бардык чөйрөсүндө: экономикада, саясатта, маданиятта, адамдардын жашоо образында, көз карашында зор өзгөрүүлөр, карама-каршылыктар пайда болууда жана өсүүдө. Мурда жол берилбеген, айыпталган, куугунтукталган, тыюу салынгандар жашоого мүмкүнчүлүк алып, жанданып өсө баштады. Илгери өкүм сүрүп жашап келген система, көз караш, идеология, метод жана башкалар эл мүдөөсүн актап, турмушту оңолтподу деп, жаңыча жашоо, мурдагы системаны өзгөртүү башталды.

Булардын кайсынысы туура, кайсынысы туура эмес аны айтуу, баалоо азырынча оңой иш эмес. Анткени анын ар бири өзүнчө оң жана терс жактары менен коштолгон. Бул өткөөл доордун таасири, айрыкча, адамдардын турмушуна, рухий дүйнөсүнө (психологиясына), коз карашына, баалуулуктарына тийгизген таасиринин оң жактарын, адамга пайда алып келе турган багыттарын карап көрөбүз.

Баарыдан мурда, өткөөл мезгилдин кыйынчылыктары окуучуларга, мектепке, үй-бүлөгө зор таасирин тийгизүүдө жана атайын сөз козгоп, коммчулуктун пикирин угуп таасир кылууну талап кылууда. Азыр азык-түлүк, эл керектөөчү товарлар, кызмат көрсөтүү ай сайын эмес, жума сайын кымбаттап, дүкөн базарларда баалардын туруксуздугу жана бардык товарлардын алып сатарлардын колуна өтүп кетиши, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн ордуна соодагерчилик өсүүдө. Мыйзамдардын бузулушу, укук коргоо органдарынын алсыздыгы, бийлик талашуу, эркиндикти туура эмес зыяндуу пайдаланууу, адамдардагы ыймандуулук, адамгерчиликтүүлүк азаюуда. Анын ордуна пайда көздөп эсеп менен мамиле кылуу, ак пейил эмгеги менен жашаган адамдардын кадыр-баркын төмөндөтүү орун алууда. Адамдар, үй-бүлөлөр ортосундагы айырманын кескин жогорулашы, ал эмес мектепте окуучулардын ортосунда айырмачылыктын өсүшү байкалат: карапайым адамдын баласы отличник, бирок кийими, турмушу өтө начар. Атасы эпчил соодагердин уулу такыр окубайт, бирок кийими, турмушу эң жакшы экени жашыруун эмес. Мына ушулардын бардыгы өзүбүз көрүп, сезип тургандай, биздин өсүп келе жаткан жаштарыбыздын билим, илим, маданиятка болгон мамилесине зор таасир тийгизүүдө.

Ата-эне, окуучулардын көз алдында билимдин баалуулугу кескин төмөндөөдө. Бул окуучулардын сабакка, мектепкке, мугалимге болгон мамилесинен даана көрүнүп турат. Турмуш өзү көпчүлүк ата-энелерди балдарына билим алуунун зарылдыгына эмес, оңой акча табууга багыт берүүгө мажбур кылууда. Булардын баары алардын көз алдында билимдин баалуулугунун төмөндөшүнө, жашоодо эң башкысы акча табуу деген түшүнүккө жендирип коюшууда. Адамга материалдык байлык канчалык керек болсо, рухий байлык андан эки эсе көп керек. Муну адамдын табигаты, келечеги талап кылат. Ал

эми илим-билим бүткүл адамзат тарыхында анын рухий байлыгынын маанилүү булагы болуп келген жана болуп кала берет.

«Аалым оңолбой, аалам оңолбойт» деген мурдатан бери айтылып келе жаткан макалдын мааниси терең. Япония улуттук каада-салттарын, баалуулуктарын муундан муунга кастарлап алаканга салып өткөзүп келди. Азыр ага бүт дүйнө суктанып карап турат. Коомдук түзүлүш жылдан жылга өзгөрүүдө. Айтор, өлкөдө жаңы түзүлүш, кайра куруу, мамлекет да, эл да 2015-жылы Бажы союзуна киргени турат, ушул учур - өзүнчө бир укмуштай оор, татаал мезгил. Себеби Кыргызстандагы мугалимдердин маянасы аз, үй-бүлөнү алымсындырбайт, азыркы шартта 15-20 миң сом айлык акы да аздык кылат.

«Ачка тооктун түшүнө таруу кириптир» деген макалдагыдай, курсагы ач мугалим сабак жөнүндө ойлонобу? Андан мыкты сабак окутууну кантип талап кыласын? Ооба, бүгүнкү күн ушундай. Мугалимдердин абалы оор, дурус жашоого аракет жасап, мыкты мугалимдер мектептен биротоло кетишүүдө. Албетте, буга өкмөт башчыларынын мээси оорубайт, бирок бүгүнкү күндөгү мугалимдин өтө оор абалы, бүткүл «жакшылыктын энеси» болгон мугалимдин каржалып турганы, мугалимдин өзү аркылуу бүгүнкү окуучуга жетсе дейбиз. Себеби бүгүнкү окуучу - эртеңки мамлекет башчысы. Мына ошондон улам мугалим окуучунун кулагына мамлекет башчысы мугалимге ар кандай шарттарда биринчи иретте көңүл буруусу зарыл экендигин ушул баштан куя берүү керек. «Уяда эмнени көрсө, учканда ошону алат» дегендей, балким, окуучулардын кулагына кире берсе, келечекте мугалим үчүн кам көргөн жетекчилерден болушар, ошондуктан ата-бабаларыбыздын «Аалым оңолбой, аалам оңолбойт» деген акыл сөзүн унутпашыбыз керек. Биз бүгүнкү күнү аалымдын курсагы ток, кийими бутун болуш үчүн күрөшүүбүз керек. Акыл калчап ойлоп көрсөк, бүгүнкү өнүккөн өлкөлөрдө, мисалы, Турцияда мугалим биринчи орунда турат, Америка, Германия, Япония илим жана билимдин негизинде өнүгүп келе жатат. «Билимдүүнүн күнү жарык, билимсиздин күнү карып». Билим мекемелеринин негизин жаап, кароосуз калтырып, эртенки күнүбүз карып болбосун. Элибизде «Билеги күчтүү бирди, билими күчтүү миңди жыгат» деген макал бар. Бул макалдын мазмуну туура экенин турмуш өзү көрсөтүп, далилдеп, ушул принцип менен өнүгүп келе жатабыз.

Азыр окуучулар үй-бүлөдө, көчөдө, мектепте, телевизор ж.б. булактардан бир эле маселе жөнүндө өзгөчө таасирдщщ пропагандага кабылууда, ал – акча, пайда, бизнес. Биздин али турмуштук тажрыйбасы аз, такшала элек окуучуларыбыз бул таасирдин терс жагына оңой берилип кетиши, ошол себептен сабак учурунда такыр башка ойлор менен алек болушу бизди да ойлондурушу керек. Биз бул абалды көпчүлүгүбүз сабакта окуучулардын, студенттердин маанайынан байкайбыз. Анан бири бирибизге «Азыркы жаштар такыр билим алууга кызыкпай калды», - деп айтабыз. Аларды тилдейбиз, талап кылабыз, ата-энесине айтабыз. Бирок булар аздык кылат. Биз билим баалуулугун, билим алууга ички керектөөнү, кызыгууну калыптандыруу үчүн бир системалуу иш баштообуз керек. Бул педагогика, психология, илимдерине негизделген бир бщтщн иш–чара системалар комплекси болушу керек. Бул иш-чаралар системасы билимдин баалуулугун, билимге болгон керектөө жөнүндөгү коомдук пикирди калыптандыруу щчщн ата-энелер, мугалимдер, окуучулар менен иш алып баруу сыяктуу иштерди өз ичине камтышы зарыл.

Биздин окуучулар, ата-энелерибиз билиши керек: азыркы учур бул - өткөөл мезгил, ал өтүп кетет, биз кайсы коомдук түзүлүш системага өтпөйлү, илим, билимдүүлүк, маданият адам щчщн абадай эң зарыл нерсе. Базар экономикасы бул уят-сыйытсыз соода эмес, цивилизациялуу базар экономикасы илим-билимдүүлүктү, маданияттуулукту талап кылат. Бул жөнүндө биз үчүн азыр базар экономикасын орнотууда үлгү болгон АКШнын мурдагы президенттеринин бири Дж.Кеннединин сөзүн келтирсек болот: «Биздин улутубуздун алдында бщткщл элибиз үчүн билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн таратуудан

жана өркүндөтүдөн ашкан маанилүү милдет жок. Билим берүү бул - коом жумшай ала турган эң пайдалуу капиталдык салым жана ошол эле учурда коом ыйгарууга мүмкүн болгон эң бай сыйлык». АКШда мектеп окуучусуна болгон мамилеге дагы бир мисал - бизде бир мектеп окуучусуна 257 сом сарпталса, ал эми Америкада 3360 доллар сарпталат экен.

Эми окуучу жаштарыбызга билимдин баалуулугу жөнүндө туура көз караш, илим-билимге ички керектөө, кызыгуу, тарбиялоо жолдору жана методдору жөнүндө ой-пикирлерибизди ортого салсак. Биздин оюбузча, билимдин баалуулугу жөнүндөгү сөздү илим-билимдин, маданияттын, мазмуну, тарыхы жөнүндөгү баян менен баштоо туура. Билим - предмет, кубулуштар, окуялар жөнүндөгү маалыматтар системасы. Биринчи баскыч: илим-билимдердин системасы, илим-билимдин тарыхы Байыркы Египет, Месопотамиядан башталат. Ошол кезде эле илимий билимдер тажрыйбалар дыйканчылык, курулуш, соода, искусстводо пайдаланылган. Ошондон бери эле ар бир баскычтагы илимий билимдер улам кийинкисине база, баскыч болуп, адамзат өнүгүүсүн камсыз кылып келет. Андыктан ар бир тармактагы илимий билимдин мазмуну, тарыхы жөнүндөгү лекция, доклад иштеп чыгуу, ошол предметти окутууну анын мазмунун, тарыхын, окутуудан баштаса туура болот. Мисалы: химиянын тарыхында Алхимиктердин доору жана башка тармактар.

**Экинчи баскычта** илим-билимдердин адамзат, коом, эл өлкө щчщн маанисин түшүндүрүү. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык, аны мисалдар менен айтып берүү. Бул жерде, айрыкча, өлкө, эл, улут, райондун экономикалык, социалдык маданий өнүгүүсүндүгү илим-билимдин ролун ачып беруу зарыл.

**Үчүнчү баскычта** илим-билимдин жеке адам, инсандын өсүшү үчүн маанисине токтолуу керек. Мында «билимдин баалуулугу» схемасын пайдалануу талапка ылайык. Бул баскычта, айрыкча, билимдин ар бир адамдын акыл-эсинин, аъ-сезиминин, ойлоо жөндөмдүүлщгүнүн адамгерчилик сапаттарынын калыптанышы, ден соолугу, абийири, келечеги, кесиби, үй-бүлөсү бактылуу жашашы үчүн маанилерди ачып берүү зарыл.

**Төртүнчү баскычта** илим-билимге жетүү жолдору жана каражаттары жөнүндөгү түшүнүк берүү зарыл. Мына ушул баскычта окуучуларга илим-билимге болгон керектөө (мотивация), кызыгуу, умтулуу, дилгирлик жөнүндө, илим-билимге ээ болушунун, айрыкча, өз алдынча билим алуунун жолдору, ыкмалары, мааниси жөнүндөгү илимий түшүнүк берүү зарыл. Ушул эле баскычта билим алуу бул түйшүктүү эмгек экендигин салыштыруу, анализ-синтез, корутундулоо, көъщл буруу, эстеп калуу, эске түшүрүү, адамдын ички дүйнөсүн толук сарп кылууну, акыл-эсин, нервин багыттоону талап кылган эмгек экендигин, булар үчүн окуучуларга жоопкерчиликти сезе билщщго, изденүүгө эрки талап кылынарын туура түшүндүрүү керек. Билим алууга болгон ички керектоо, умтулуу жёнщндё XVI кылымдагы чехиялык улуу педагог, «Улуу дидактиканын» автору Я.А.Коменскийдин бул сөздөрүн эске алуу максатка ылайыктуу. Ал: «Инсан табиятынан ар дайым эмнегедир билщщгё- щйрёнщщгё умтулат, аракет кылат, бул жолдо ал кыйынчылыктардан да кайра тартпайт, коркпойт. Бул касиет балалык доордон башталып, бүткүл өмүр бою уланат. Көз ар дайым көрүүнү, кулак - угууну, тери - сезүүнү, акыл болсо билүүнү эъсеп турушун эч качан унутпоо керек» - деп жазган.

Билим алуу щчщн эрктин зарылдыгы жөнүндө айтып, Я.А.Коменский: «Эркти аракетке келтирүүчү, башкаруучу каражат күч рычаг булл - каалоо, ышкыбоздук», - деген. Окуучуларга кандай билим керек, окутуудан мурда мугалимдер, ата-энелер аларда билим алууга болгон ички керектөөнү калыптандырып, кызыктырып, андан кийин окутууну баштоосу абзел.

Өз учурунда Я.А.Коменский «Окууну каалабастыкка мугалимдердин өздөрү себепчи болсо, буга эмне дейбиз» – деп айткан. Бул суроо азыркы күндө да өз актуалдуулугун

жоготкон жок. Себеби окуучуларда илим-билимге болгон ички керектөөнү, кызыгууну ойготуу, дыйкан мол түшүмүн бир жылдын ичинде алса, мугалим он бир жыл мектепте, беш жыл институтта окутуп, кыскасы, он алты жылда жыйынтыгы чыгат. Суверендүү мамлекет болгондон кийин 1991-1992-жылдары А.Акаевдин убагында мугалимдердин эмгек акысын айыл өкмөтүнө милдеттендирип койду. Айыл ёкмётщ, староста, жогорку билими жок, тщшщнщктёрщ тайкы адамдар, мугалимдерди айыл-чарба жумуштарына иштетип, билимдин кадыр-баркын кетиришти. Мисалы: Ак-Суу районундагы чиновниктерибиз айлык акыбыздын ордуна Челпектеги Жункеевдин арак-заводунан спирт ичимдиктерин, тамеки беришти. Ушул сыяктуу терс кёрщнщштёр, өзүм билемдиктери менен мектептердеги билим уясынын бешигинин фундаментине чоң доо кетиришти. Фундаменти жок болсо, биздин жогорку окуу жайында университетте иштеген мугалимдер чатырын кантип курмак эле, ал урап жараксыз болуп калат. Сом жаъы киргенде мугалимдер алты айлап акы албай иштедик, бир айлык маяна мугалимдердики 18-22 сом, ал эми мектептин директору 26-28 сом алып иштедик. Базарда бир арбуз 30 сом. Бир айлык эмгек акыга бир арбуз келбеген доордун кесепети азыр билим берүүдө кедергисин тийгизип жатат. Эми бажы биримдигине кирсек, кандай заман болот, ким билет? Мугалимдердин чоң армиясына каражат бюджетте дайым тартыш, ал эми парламенттеги депутаттар (жеп жутарлар) чет элге командировкасына миллиондоп коротуп жатканын кёрщп жатабыз. Реалдуу турмушту жазып жатып, темадан четтеп кеттик.

**Бешинчи баскыч** – илим-билимге жетүүдө мугалим китеп, сабак, китепкана, билимдин кошумча булактары ж.б. ролу, мааниси жөнүндөгү айтуу зарыл. Айрыкча, мугалимге өзгөчө урмат-сый менен мамиле кылуу бир окуучу-шакирт щчщн ыйык парз экендигин түшүндүрүүсү талапка ылайык. Мугалимдин эмгегинин ролу, маанисине ёзгёчё токтолуп, тарыхый турмуштук мисалдар аркылуу элибизде устат мугалимге ар дайым урмат-сый менен мамиле жасалып келгендиги жөнүндөгү айтуу керек.

Билими тайкы, наадан адамдар гана мугалимдин эмгегин түшүнүп баалай албайт.

**Алтынчы баскыч** – окуучулардын илим–билимден алыстоосунун себептери баалабастык, түшүнбөстүк, жалкоолук, башкаларды карап иш кылуу, оңой пайда таап жашоого ишенүү ж.б. экендиги жөнүндө айтып, булардын тескери натыйжасын түшүндщрүү менен сабакты жыйынтыктаса болот. Эң башкысы, «Билим баалуулугу» жөнүндөгү сабак бир жолу өткөрүлүп токтоп калбастан, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алып, системалуу өркүндөтүлүп ётщлщп турса, жакшы болор эле. Ар бир предмет боюнча да ал билимдердин баалуулугу жөнүндө иштеп чыгып, илимий конференцияларды өткөрүү эң жакшы натыйжаларды берери шексиз.


**Корутунду.** Жыйынтыгында азыркы эгемендүүлүк заманыбыздан кыргыздын жүздөгөн уул-кыздары тёгёрёктщн төрт бурчун аралай чаап, дүйнөлүк цивилизациянын кереметин өз көздөрү менен көрүп, өз акыл-сезимине салып, таанып-билип, жайсызын коюп, жакшысын чымчылап алып жаткан кез. Андай цивилизациялуу өлкөлөргө барып келген жердештерибизден адегенде эле алардын элин-жерин, жорук-жосунун, жүрүм-турумун, жалпы маданиятын сурайбыз. «Кандай болмок эле. Биздин элдей эле эл болушат экен. Бирок жүрүм-туруму, сын-сыпаты, эмгек маданияты биздин элге салыштырганда алда канча жогору» - деген жоопту угуп, өз өлкөбүзгө салыштырып, илебибиз сууйт түшөт. Алардан уккан япондордун «түйшүктөнүп, изденүүчүлүк, көктүгүн», немецтердин «техниканын майын чыгарган тактыгын», америкалыктардын «ар ишке эсеп-чоттуулугун», англичандар менен француздардын «жүрүм-турум, салт маданияттуулугун» иргеп алып, кыргыз элибиздин не бир сонун нускасына кошуп, аны байытсак зыян болбос эле го. Азыркы жаштарыбыздын кулагына балапан чагынан: «Кыргыз эли – кайдыгер, кебелбес, кенен эл» - дегенди коюп, еврей калкынын балдарына «Сен акылдуусуң, сенин колуңдан

баары келет» деген акыл-наасатын куюп өстүрүү ой-жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн, кенен ойлонуп, бала чагынан акылдуу инсан болууга үндөйт.

Мугалимдик кесип – ыйык кесип, Мухаммед пайгамбардын адисинде: «Алкесибух хаби буллах» - котормосу: «Мугалим – Алланын сүйгөн кулу, адал кесип» деп айтылат, демек, жамандык кылган адамга кайра жакшылык кылсаң, кудайдын принциби-келечегиң, балдарың алдыңкы турмушта бактылуу жашашат.

Улутубуздун ата-бабалардан мурас болуп калган жүрүм-туруму, башка көп элдерде жок эң сонун тарбиянын башаты болгон улуттук каада–салттарыбыз, маданиятыбыз бар. Ал – сабырдуулук, ак ниеттщщлщк, ак пейилдик, айкөлдүк, ыймандуулугу, меймандостугу, нускалуулугу. Улутубуздун берегидей сонун сапаттарын жаш муундарга терең калыптандыруу ушул тапта эң зарыл проблемалардын бири болуп калды.

**Билим балуулугу.**




Адабияттар:

1. Бейшенбаева У. Элдик мурасты окутуунун мааниси жана максаты. -Б., 1996.

2. Жамансариев Ш. Маданиятыбыздагы жүрүм-турумдун кээ бир проблемалары. -Б., 1996.

3. Нааматов Т. Элдик тарбия-нускалар. -Б., 1995.
4. Кузнецова Н.Е. Методика преподавания химии. -М., 1984.
5. Смирнова Т.В. Общая методика обучения химии. -М., 1982.
6. Джуа И. История химии. -М., 1996.
7. Кудайбергенов Т.Т., Рысмендеев К.Р., Асанов Y.А. Жалпы химия жана элементтердин химиясы. -Б., 1994.
8. Рысмендеев К.Р. Жалпы химиянын теориялык негиздери. -Фрунзе: Мектеп, 1988.
9. Ремсден З.Н. Начало современной химии. Перевод с английского. -М., 1979.
10. Мадаминов Г. Көз караш , ойлор, пикирлер, сунуштар. -Бишкек, 1996.